БЕКИТИЛДИ
20 23 жылдын "05" январь
№ 129 буйругу менен

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

**"Сабыркул Сасанбаевич Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби" мекемеси**

# ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

AnyScanner

## 1.Киришүү

Жетекчи: **Осмоналиева Таалайбүбү Алатаевна**
Телефону: **0707 81 84 90**
Email: sochssusubalieva@gmail.com
Веб-сайт: https//ss-usubaliev.mektebim.kg/
Юридикалык дареги: **Чүй облусу, Москва району, Ак-Башат айылы, Бакир көчөсү н\ж**
Билим берүү уюмунун аталышы: С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби.
Менчик Формасы: Аралаш
Билим берүү уюмунун статусу: Жалпы орто билим берүүчү мектеби
ИНН : 01909200510126 ОКПО: 21064563

**Мектептин тарыхы**

Сабыркул Сасанбаевич Усубалиев атындагы атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун Ак-Башат айылында жайгашкан. Мектеп муниципалдык бюджетте , жергиликтүү башкаруу органы Ак Суу айыл аймагына караштуу. 1989-жылы Ак-Башат айылында типтүү эмес мектеп болуп ачылган. Мектепте кыргыз тилинде окуу жүргүзүлүп келген. 2005-жылы 1-сентябрда Ак-Башат орто мектеби С.С.Усубалиев агайдын атын алып, С.С.Усубалиев атындагы орто мектеби болгон. 2019-жылы 11-мартта С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби болуп аталган.Ушул 2022-2023-окуу жылынын 30-сентябрында жаңы салынган мектепке кирдик. Мектеп 2 кабаттуу, бардык шарты менен салынган. Мектеп 225 окуучу орунга эсептелген, эки кабаттуу, башталгыч класстардын бөлмөлөрү, ар бир предметтик бөлмөлөр, физика, химия, география кабинеттери лабораториялык бөлмөлөрү менен, китепкана, мугалимдердин бөлмөсү, компьютердик бөлмө, директордун, окуу завучунун бөлмөсү, спорт зал, спорт аянтчасы, ашкана жана коридор бар. Учурда 11 класс комплект бар, 135 окуучу окуп жатат. Жалпы аянты 12 819,5 чарчы м.кв. Мектептин жетекчиси Осмоналиева Таалайбүбү Алатаевна , мектеп жамаатында 17 мугалим эмгектенет. С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин педагогикалык жамааты мектептин окуу процессин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн нормативдик укуктук актыларынын, Москва райондук билим берүү бөлүмүнүн көрсөтмөлөрүнүн жана мектептин Уставынын негизинде иш жүргүзүлүп келет.

**Лицензия реквизиттери**

Окуу жай төмөнкү юридикалык документтердин негизинде иштейт:

-Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан бекитилген юридикалык каттоо жөнүндө күбөлүк (Малекеттик катто жонунде күбөлүк:катто номери 81045-3308-У-е (ИСН) 01909200510126 -юридикалык жак ИУЖК 21064563)

-Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы ,Чүй облусу ,Москва району ,Ак-Башат айылы , Бакир көчөсү н\ж

AnyScanner

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | С.С.Усубалиев атындагы ЖОББМнин 2022-2023-жылга окуу планы бар, ал Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүү уюмунун Базистик окуу планынын негизинде түзүлгөн.<br><br>1. Мектептин окуу планын талкуулоого жана кабыл алууга төмөнкүлөр катышты: окуу жайдын администрациясы, мектеп мугалимдери. Окуу планы педагогикалык кеңештин 28.08.2022-жылдагы № 1 педагогикалык кеңешмеде каралып, 01.09.2022ж № 5 буйругу менен бекитилген. Москва райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси жана Ак-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы менен 30.08.2022-жылында макулдашылган. Мектептин окуу планына билим берүү уюмунун жана билим берүүнүн стандарттарынын минималдуу талаптары түшүндүрмө каты менен тиркелет. Окуу планынын мектептик компоненти окуучулардын жана алардын ата-энелеринин кызыкчылыктарына, муктаждыктарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык макулдашылган. 5-класска кыргыз адабият сабагынан, 10-класстын окуучуларына география сабагы берилген. №2буйрук 01.09.22ж<br><br>2. Окуучулардын окуу жүктөмү саламаттыкты сактоо органдарынын талаптарына ылайык жана окутуу режиминде чагылдырылган максималдуу жол берилгенден ашпайт | ***Окуу планы***<br>***Мектепти өнүктүрүү программасын ишке ашыруунун стратегиялык планы***<br>***2022-2023-жылдарга мектептин окуу-тарбия иштеринин планы***<br>***2022-2023-жылдарга усулдук бирикмелердин планы***<br>***Ата-энелер менен иш жүргүзүү боюнча 2022-2023-жылдарга иш планы***<br>***Календардык-тематикалык пландар***<br>***Окуу планына түшүндүрмө кат (2022-2023-окуу жылы)***<br>***Мектептин регламенти, күн тартиби***<br>***Сабактардын жүгүртмөсү***<br>***2022-2023-жылдарга директор алдындагы кеңешменин планы***<br>***Түшүндүрмө кат*** |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына | Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, биздин мектепте окуу-методикалык камсыздоо төмөнкү жабдуулардын мүнөздөмөлөрүн камтыйт: | ***Предметтик декадалар***<br><br>***С.С.Усубалиев атындагы*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | - методикалык кабинет;<br>- китепкана;<br>-лабораториялар бар, бирок жабдылган элек;<br>- административдик жайлар;<br>- мектеп сайты https://s-usubaliev.mektebim.kg/;<br>-Интернет толук кандуу кошула элек<br>С.С.Усубалиев атындагы ЖОББМдин окуу-методикалык камсыздоосу билим берүүнүн бардык баскычтарында (башталгыч, негизги жалпы, орто жалпы,) негизги билим берүү программасын ишке ашырууну камсыз кылат. .<br>Билим берүүнүн сапатынын компоненттеринин бири болуп окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыздоону, окуу процессин натыйжалуу уюштуруу үчүн зарыл болгон материалдарды талдоо саналат.<br>Мектеп мамлекеттик стандарт тарабынан бекитилген программалардын негизинде иш алып барат, алар окуучуга зарыл болгон билимдин минимумун алууга мүмкүндүк берет.<br>С.С.Усубалиев атындагы ЖОББМ окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоосу билим берүү стандартынын жана кызыкдар тараптардын талаптарына жооп берет. Ал билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын негизги билим берүү программасын ишке ашырууга, пландаштырылган натыйжаларга жетишүүгө, окуу процессин уюштурууга жана аны ишке ашыруунун шарттарына тиешелүү ар кандай маалыматка кеңири, туруктуу жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Сабактар Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан сунушталган үлгүлүү окуу планы боюнча өткөрүлөт. | ***ЖОББМнин мугалимдери сапаттык курамы.***<br>***Усулдук бирикмелердин планы***<br>***Календардык тематикалык пландар*** |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектепте бардыгы 132 окуучу ( анын ичинде 480с “Наристе” программасында 16 окуучу бар). Мектепте окуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Мектептин китепканасы бар.<br>Китепкананын китеп фонду – 4580 китеп<br>Адабий китептер- 1575<br>Китепкананын окуу-методикалык фонду окуу китептери басылып чыга элек же басып чыгаруу жана иштеп чыгуу стадиясында турган предметтерден башка бардык окуу предметтери боюнча жыл сайын жаңыланып жана толукталып турат. Китепкана Билим берүү жана илим | ***Мектеп китепканасы жөнүндө жобо***<br>***Китепкананын иш планы***<br>***Окуу адабияттары үчүн эсеп-фактуралар***<br>***Китептердин чыгыштоо актысы***<br>***Китепкананын отчету Д-10*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | министрлиги тарабынан атайын компьютер жана принтер менен жабдылган.<br>USAID эл аралык долбоорлордун ( «Наристе», «Бирге окуйбуз», «Келгиле,окуйбуз», «Окуу керемет») алкагында жана иштеп жаткан мектеп китепкана фондун жаңы окуу китептери жана окуу куралдары менен толуктады.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июнундагы № 341 «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Жаңы китеп» мекемесин түзүү жөнүндө» токтомун негизинде мектеп китепканасы фонддун окуу куралдары менен толукталып жатат. | |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Мектепте маалыматтык коопсуздук тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Мектеп администрациясы класс жетекчилер, менен бирдикте төмөндөгү иш-чараларды жүргүзөт:<br>1. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык окуучуларды алардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтарды таратуудан коргоону камсыз кылууну контролдоо уюштурулган.<br>Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат коомчулукка төмөнкү формада берилет:<br>- сандык жана сапаттык маалыматты камтыган маалымат стенддери үзгүлтүксүз жаңыртылып турат;<br>- жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулуштары;<br>- ата-энелер менен иш алып баруу;<br>-ата-энелер менен жекече иш алып баруу;<br>-жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташуу;<br>Ошондой эле окуу-тарбия процессин маалыматтык камсыздоо жалпы мектептик ата-энелер чогулуштарында жүргүзүлөт.<br>Маалымат каналдары бар: электрондук почта, телефон, «Кутбилим», «Сельская новь», «Айыл жаңылыгы», гезиттери жана мектептин инстаграм баракчасы.<br>Ата-энелер комитети түзүлгөн, коомдук угуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын , ак сакалдар сотунун, айыл депутаттарынын жана айыл тургундарынын катышуусунда жалпы мектептик чогулуштарда өткөрүлөт. Ага Хан долбоору аркылуу мектептин камкорчулар кеңеши түзүлгөн,ал ийгиликтүү иштеп жатат. | ***Мектептин ата-энелер комитеттеринин тизмеси***<br>***Жалпы мектептин жана класстын ата-энелеринин чогулушунун протоколу***<br>***Соц.педагогдун 2022-2023-окуу жылына планы***<br>***Тарбия завучунун 2022-2023-окуу жылына планы***<br>***Класстык сааттын иштелмелери***<br>***Маалыматтык коопсуздугу боюнча план***<br>***ИДН менен иштөө*** |

AnyScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2. Класс жетекчилер окуучулар менен төмөнкү темаларда: «Интернет арабызда»; "Менин үй-бүлөмдө интернет"; "Менин Интернетим"; «Интернет жана менин келечектеги кесибим» түзүлгөн пландын негизинде класстык сааттарды өтүп жатышат.<br>3. Мектептин социалдык мугалими уюштуруучу менен бирдикте «Интернет коопсуздугу» деген темада сабактарды жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүп турат.<br>4. Ата-энелер жана окуучулар менен профилактикалык иш-чаралар уюштурулган жана өткөрүлгөн (ИДН, соцпедагог менен баарлашуулар, жолугушуулар). | |

**Күчтүү жактар:**
Мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт, педкадрлардын жетиштүүсү. Окуу планынын аткарылышы. Окуу процессине кызыкдар болгон ата-энелердин көбөйүшү. Педагогдордун кесиптикдеңгээлин жогорулатуусу жана чыгармачылык менен изденүүсү.

**Алсыз жактар:**
• Заманбап технологиялардын жетишсиздиги, алардын окуу-тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу
Окуу- методикалык адабияттар жетишсиз,айрым окуу китептери эскирген,көркөм адабияттар жетишсиз
**Чечүүчү жолдор**: Демөөрчүлөрдү тартуу.

## 2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООГО КАРАТА МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Мектептин окутуунун жана тарбиялоону жакшыртуу планында мектептин максаты жана милдеттери иштелип чыгып, бекитилген.<br>1. Бардык балдар үчүн : таланттуу, жөнөкөй, жекече окутууга муктаж, алардын ийкемдүүлүгүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн айырмачылыгын эске алуу менен өнүгүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;<br>2. Окуучунун билими бүгүн жана келечекте өзүн-өзү ишке ашырууну | ***<u>Директор алдындагы кеңеш протоколу (24.09.22ж №2пр).</u>***<br><br>***<u>Мамлекеттик билим берүү стандарты</u>***<br><br>***<u>Календардык –тематикалык</u>*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камсыз кылууга тийиш;<br>3. Компетенттүү бүтүрүүчүнү калыптандыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, коомдо ийгиликтүү социалдашууга жана эмгек рыногунда адаптациялоого жөндөмдүү, руханий-адептүү, чыгармачыл, жигердүү, өнүгүп келе жаткан, дени сак, активдүү жарандык позициясы бар инсанды калыптандыруу;<br>Билим берүүнүн максаттары Мамлекеттик билим берүү стандартына толугу менен шайкеш келет.<br>Аларды иштеп чыгууда төмөнкү кызыкдар тараптар катышты: мектеп администрациясы, ата-энелер, мектеп парламенти, мугалимдер, камкорчулар кеңешинин төрайымы. Бул мамлекеттик стандарттар директор алдындагы кеңешмеде (24.09.22ж Пр№2)педагогикалык бирикменин мүчөлөрүнүн, ата-энелер комитетинин жана камкордук кеңешинин мүчөлөрүнүн катышуусунда макулдашылган. Окуу максаттары мектептин сайтында жайгаштырылат. https://s-usubaliev.mektebim.kg/<br>Мектептин негизги максаты – мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик биолим берүү программаларын аң-сезидүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо.<br>Окуучулардын маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык<br>Календардык-тематикалык, сабакты пландаштыруу менен мугалимдер мамлекеттик стандарттын талаптарын жетекчиликке алышат, окуучулардын позициясынан максаттар коюлат.Мугалимдер окуучулардын билимин жаңылоого байланыштуу иштерди Мамлекеттик стандартка ылайык пландаштырышат жана максат коюу маселелерин өздөштүрүшөт. Максат коюу мамлекеттик стандартка туура келет.<br>Мугалимдер сабак планын түзүүнү билишет компетенттүүлүккө негизделген ыкманын негизги максаты – бүтүрүүчүлөрдүн мындан аркы турмуштук ишмердүүлүккө кошулууга даярдыгы, алар алдында турган | ***пландар***<br><br>***Сабактын планы*** |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>турмуштук жана кесиптик көйгөйлөрдү чече билүүсү.</td><td></td></tr>
<tr><td>2.2.</td><td>Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу</td><td>Мугалимдердин 70% компьютердик техникаларды колдонууну билет жана 50% аларды системалык түрдө колдонууну билишет:<br>• Сабакты даярданууда компьютер жана интернетти<br>• Окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн аларга изденүүгө, анализдөөгө, интернеттеги маалыматтарды алууга, тапшырмаларды аткарууга, тапшырмаларды бере алат:<br>• Гаджеттерди окуу процессине тиешелүү мобилдик тиркемелерди пайдалана билүүсү үчүн информатик мугалимдер, УБ жетекчилери, МКТны жакшы өздөштүргөн мугалимдер тарабынан тренинг-сабактар өтүлүп турат.<br>Пандемия шартында аралыктан окутууда мобилдик тиркемелер менен иштей билүүсүнүн натыйжасында видеосабактар топтому даярдалып, мыкты деген видео сабактар РБББнө ютуб каналына жүктөлгөн<br>МКТ мугалимдер тарабынан кээде гана колдонулат, себеби, мектеп заманбап жабдуулар жок.
<table>
<tr><th rowspan="2"></th><th rowspan="2">Тема</th><th rowspan="2">Класс/ курс</th><th rowspan="2">Мугалимдин толук аты-жөнү</th><th rowspan="2">Колдонулган МКТ тизмеси</th><th colspan="3">Колдонуу жыштыгы</th></tr>
<tr><th>Сейрек</th><th>кээде</th><th>системалуу түрдө</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Математика</td><td>5 - 11</td><td>Китаев А</td><td rowspan="6">Телефизор, ноутбук, компьютер</td><td></td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>2</td><td>Биология</td><td>6 - 11</td><td>Осмоналиева</td><td></td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>3</td><td>Информатика</td><td>5 –9</td><td>Сокубашева К,О</td><td></td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>4</td><td>Орус тили жана адабияты</td><td>5-11</td><td>Сариева А.С<br>Сагынбек к Э</td><td></td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>5</td><td>Англис тили</td><td>5-11</td><td>Рысбек к Г.</td><td></td><td></td><td>+</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Башталгы</td><td></td><td>Кадырова Э.Ч</td><td></td><td>+</td><td></td></tr>
</table></td><td><u>Окуу керемет анализи,планы.</u><br><u>Окуу керемет иштелме</u><br>№3.2.2-тиркеме Сабактардын иштелмелери:<br><u>Кыргыз тил</u><br><u>Адам\коом</u><br><u>Алгебра</u><br><u>Биология</u><br><u>Физика</u><br><u>Сүрөт</u><br><u>Тарых</u></td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>
<table>
<tr><td></td><td>ч<br>класстар</td><td></td><td>Сулайманова Э.Ч</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>7</td><td>Тарых</td><td>5-11</td><td>Усубалиева А.М</td><td></td><td></td><td>+</td><td></td><td></td></tr>
</table>
Материалды түшүндүрүүдө, ошондой эле окуучулардын билимин көзөмөлдөөдө инновациялык мүнөздөгү сабактарды өтүүдө да колдонулат.<br>Мектептеги иштин дагы бир формасы тажрыйбалуу мугалимдер тарабынан уюштурулган мастер-класстар болуп калды.<br>Биздин мугалимдер колдонушат:<br>Ар кандай предметтер боюнча даяр электрондук программалар: сабактарга презентацияларды даярдоодо видео фрагменттери, мугалимдин да, окуучулардын да класстан тышкаркы иш-чараларында кеңири колдонулат.<br>Мугалимдер презентацияларды, тесттик жана контролдук тапшырмаларды иштеп чыга алышат.<br>Окуучулар ошондой эле мугалимдердин жардамы менен практикалык иш-чараларда төмөндөгү иштерге активдүү колдонушат:
</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>2.3.</td>
<td>Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу</td>
<td>Кайтарым байланыш окуу прцессинде өз таасирин тийгизет. Окуучулардын учурдагы жетишкендиктеринин ортосундагы ажырымды кыскартууга жана алдыга койгон максатын жакшыртууга басым жасоого жардам берет. Окуучулардын өз жөндөмдүүлүгүнө болгон ишенимин калыптандырат жана көрсөткүчтөрдү жакшыртат.<br>Кайтарым байланыштардын механизмдери:<br>1. Жаңы билимди берүү, алуу, иштетүү процесси.<br>2. Кайтарым байланыш окуучулардын жаны теманы түшүнүү деңгээлин аныктайт. Маалыматты алган мугалим төмөнкүдөй иш аракеттерди жасайт:а)Классты бүтүндөй талдап, тиешелүү чечимдерди кабыл алат.б)Жеке окуучулардын натыйжалуулугунун себептерин аныктайт,тапшырмаларды пландайт жана уюштурат.в)окуучулардын ишин жакшыртуу үчүн сунуштарды берет.<br>Кайтарым байланыш – бул пикир билдирүүнү камсыздоо жана үзгүлтүксүз процесс. Мугалим үчүн башка нерселер менен катар, окуучуларды жана ата-энелерди кайтарым байланышка туура жооп</td>
<td>Сабактын планы.<br>Сабакты анализдөө картасы.<br>Ачык сабактар боюнча фотоотчет<br><br>Окуу кабинеттери боюнча фортоотчет<br><br>Мугалимдердин портфолиосу<br><br>Мугалимдердин портфолиосу<br><br>Орус тили сабагы боюнча класстан тышкаркы сабактын иштелмеси</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | берүүгө үйрөтүү.б.а. алгач мүмкүнчүлүктү окуучулардын ишин жакшыртуу үчүн колдонуу маанилүү. Ата-энелерди кайтарым байланыш процессине тартуу, окуу тарбия процессин жакшыртуу боюнча мектеп менен үй-бүлөөнүн биргелешкен иш-аракетинин звеносу болуп калышы мүмкүн.<br>Окуучулар жана алардын ата-энелери менен кайтарым байланыш окуучулардын күндөлүгү, класстык WhatsApp топтору жана маалыматтык бурчтарды жүргүзүү аркылуу жүргүзүлөт. Мугалимдердин окуучулар менен биргелешкен иш-аракетинин негизин ишеним жана кызматташуу элементтери түзөт. Мугалимдердин ишиндеги мүчүлүштүктөрдү өз убагында аныктоого жана аларды оңдоого мүмкүндүк берүү үчүн окуу процессинин субъекттеринин (окуучулар, мугалим жана окуучулар, мугалим жана ата-энелер/окуучулардын мыйзамдуу өкүлдөрү) ортосунда конфликтке чейинки/конфликттик кырдаал болгон учурларда анонимдүү анкета, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен маектешүү сыяктуу кайтарым байланыштын формалары колдонулат. “Ишеним почтасы” (мектептин фойесинде жайгашкан) окуучулар, зарыл болгон учурда “Ишеним почтасы” аркылуу мектеп администрациясына кайрыла алышат.<br>Ошону менен бирге эле кайтарым байланыш класста окуунун ыңгайлуулугу, окутуу ыкмалары жана технологиялар билим берүүнүн сапатына канааттануу, мугалимдер менен өз ара аракеттенүүнүн сапаты жөнүндө сурамжылоо аркылуу пикир алуу мугалимдерге окуучулар менен болгон мамилесин, ошондой эле окутуу ыкмалары жана технологиялары аркылуу алынат. | ***Мектеп администрациясынын УБ жетекчилеринин, насаатчы мугалимдердин сабактарга анализ берүү дептерлери*** |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Мектепте окуучулардын билимин баалоо чейректик жана чейрек ичинде түзүлгөн планга ылайык жүргүзүлөт. Билим берүүнүн стандартына ылайык баалоонун түрү пайдаланылат. Окуучулардын жетишкендиктерин жана окуу натыйжаларын баалоодо мугалимдер төмөнкү процедураларды жана инструменттерди колдонушат: билимдин административдик кесимдери; тесттер, диктанттар, лабораториялык жана практикалык иштер, долбоорлордун презентациялары,рефераттар,дилбаяндар.<br>Ар бир мугалим мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарга ылайык баалоо критерийлерин жетекчиликке алат. | ***Мектеп ичиндеги көзөмөл жөнүндө жобо.***<br><br>***Мектеп ичиндеги көзөмөлдүн иш-планы***<br><br>***Көчүрүү жана мамлекеттик экзамендерди өткөрүү жөнүндөгү буйруктун*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Бүтүрүүчүлөрдү жыл сайын жыйынтыктоочу жана аралыктан аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Жобонун негизинде жүргүзүлөт.<br>Мамлекеттик билим берүүнүн окуу стандарты(2014-ж.21.07.№403) билим берүүнүн сапатын баалоо, бекитилген ченемдик-укутук актылардын негизинде окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин. Окуу программаларын өздөштүрүүсүн билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана башка талаптар менен аныктоо үчүн жүргүзүлөт. Мектепте билимди баалоо системасы, билим берүү системасынын стандарташтырылган жетишкендиктерин ар кандай сыноолорду пайдалануу менен бирге бааланат. Чейректик жат жазуу, текшерүү иши же тест алуу учурунда окучууга тапшыруучу ишинин көлөмү, баалоо критерийлери мугалим тарабынан маалымдалып турат, окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынат. Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик сынактын жыйынтыгы жана мамлекеттик сынактын жыйынтыгы"Сынак тактасында" чагылдырылат.<br>Ар бир мугалим мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарга ылайык баалоо критерийлерин жетекчиликке алат.<br>Бүтүрүүчүлөрдү жыл сайын жыйынтыктоочу аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Жобонун негизинде жүргүзүлөт.<br>Баа менен макул болбогон учурда окуучулар мектепте түзүлгөн конфликттик комиссияга кайрыла алышат: VI бөлүмдөгү "Кайрылууларды кабыл алуу жана кароо" жыйынтыктоочу жана мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө жобого ылайык. Бирок 5 жылдан бери апелляциялык арыз берүү фактысы болгон эмес.<br>Окуучулардын баалоонун объективдүүлүгү мектеп ичиндеги контролдун маанилүү пункттарынын бири болуп саналат. Мектеп окуучуларынын окуу жетишкендиктерин баалоо үчүн предметтик мугалимдер предметтер боюнча билим сапатына мониторинг жүргүзүшөт. Ар бир чейректин жыйынтыгы боюнча окуучулардын билиминин жүрүшүнө жана сапатына салыштырмалуу мониторинг түзүлүп, алар педагогикалык кеңештерде каралып, талданат.<br>ОТИ боюнча директордун орун басары ар бир квартал сайын мектеп окуучуларынын билиминин жүрүшүнө жана сапатына салыштырмалуу | ***көчүрмөсү.***<br><br>***Мектептин ички көзөмөлүнүн мониторинги***<br><br>***. Окуучуларды кабыл алуунун жобосу*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | талдоо жүргүзөт, педагогикалык кеңеште билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган чараларды белгилейт.Окуу жылынын аягында билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарын талдоо жана талкуулоо жүргүзүлөт. | |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Окуучулардын билимин баалоодо алына турган чейректик жат жазуу, текшерүү иштери, тест, башталгыч класстардын окуучуларынын окуу тездиги, срез жана башка жазуу иштери мугалимдердин календардык планында так көрсөтүлгөн. Мектептин планына ылайык ар бир предмет боюнча жумалык декадалар жана предметтик текшерүүлөр мектептин ички көзөмөлүндө иш алынып барылат. Жыйынтыктары педагогикалык кенешмеде каралат. Метод кенешмеде талкуу жүргүзүлөт. Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик экзамендердин жыйынтыгы "Экзамен тактасында" чагылдырылат. Акыркы 5 жыл ичинде бүтүрүүчү 11-класстар жок болгондугуна байланыштуу ЖРТ тестирлөөсү боюнча жыйынтык жок, бирок НЦТ, ЖМА катышат, мектепте "Мектептин сыймыгы", УБ бурчу, ПК бурчу, класстык бурч деген стенддер бар. Андан тышкары мектепте аткарыла турган иштер класстык сааттар, класстык жана ата-энелер чогулуштары аркылуу мектеп тарабынан билдирилип турат.<br>Мектепте «Ата-энелер үчүн маалымат», «Окуучулар үчүн маалымат», сынактык жана профориентациялык бурчтар орнотулган. Маалымат берүү класстык сааттар, класстык жана жалпы мектептик ата-энелер чогулуштары, окуучулардын күндөлүгү аркылуу да жүргүзүлөт.<br>Окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоодо чыр-чатактар болгон учурда, директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары ата-энелердин өтүнүчү боюнча чыр-чатактар боюнча комиссиянын курамында апелляциялык комиссия түзөт.<br>Предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер аларга кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ жана окуучуларга жана алардын ата-энелерине/мыйзамдуу өкүлдөрүнө маалымат беришет. Жыйынтыктоочу аттестациянын алдында эрежелерди, сунуштарды жана экзамендерди өткөрүү графигин камтыган маалыматтык стенд түзүлөт. Ар бир экзамендeн кийин анын жыйынтыктары жөнүндөгү маалыматтык бурчта илинип турат.<br>Экзамендин жыйынтыгы жөнүндө маалымат окуучулардын ата- | *Жыйынтыктоо аттестациясы жөнүндө жобо.*<br>*Окуучуларды бүтүрүү боюнча мугалимдер кеңешинин жыйналышынын протоколу*<br>*Жыйынтыктоочу аттестациянын графиги 2021-2022 о.ж.*<br>*ЖМАнын акыркы 5жылдагы жыйынтыгы*<br>*"Мектептин сыймыгы" бурчу фотоотчет*<br>*Класстык бурчтар фотоотчет*<br>*УБ бурчтары, ПК бурчу фотоотчет*<br>*НЦТ боюнча 5жылдык мониторинг* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) класс жетекчилер аркылуу да билдирилет. | |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Окуу жылынын башында бардык мугалимдерге, техперсоналдарга жана окуучуларга өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук эрежелери, жол эрежелери тууралуу инструктаж өткөрүлүп, журналдарга кол коюлат. Окуу корпусунда: кабинеттерде, китепканада, фаеде, ашкана жана мектеп териториясында бардык санитардык гигиеналык эрежелер сакталат. Окуучулардын билим алуусуна жана мугалимдердин иштөөсүнө шарттар түзүлгөн. Мектеп ашканасында толугу менен талапка ылайык шарттар түзүлүүдө. Окуу бөлмөлөрү, окуу залдары, спорт зал кышкысын жылуу. Жылуулук системасы толугу менен иштелет. Окуучулардын арасында сергек жашоо боюнча класстан тышкаркы иштер жана класстык сааттар өтүлүп турат. Медицина кызматкерлери менен тыгыз иш жүргүзүлөт. Медициналык кабинет бар.<br>С.С.Усубалиев атындагы ЖОББМнин психологиялык коопсуздугуна талдоо жүргүзүү төмөнкүнү көрсөттү: психологиялык жана эмоционалдык климат жалпысынан жакшы (мектептин жамаатынын бардык мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерде өз ара түшүнүшүү жана колдоо бар) Мектепте мыйзамдардын талаптары жана Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча мыйзамдары сакталат. Окуу процессинин бардык катышуучулары мектепте өзүн ыңгайлуу, ишенимдүү, тынч сезишет. Биздин мектепте администрация менен мугалимдердин өз ара аракеттенүүсүнүн так механизмдери бар, алар дайыма колдонулат. Мектеп жергиликтүү коомчулук жана жергиликтүү бийлик органдары, анын ичинде укук коргоо органдары менен активдүү өз ара аракеттенип иштеп келет. Ар кандай деңгээлдеги конфликттерди жөнгө салууга багытталган бардык зарыл механизмдер жана структуралар бар. Кесиптик өсүү үчүн аянтчалар бар (методикалык бирикмелер, мугалимдердин тематикалык кеңештери ж.б.).<br>Мектепте коопсуздук боюнча инструктаждар үзгүлтүксүз өткөрүлөт. Сергек жашоо боюнча иш-чаралар айына бир жолу өткөрүлөт. Кол жууган жерлер жетиштүү. Каалаган окуучу каалаган убакта ичүүчү сууга тоскоолдуксуз жете алат. Коридорлор, класстар жана мектептин аймагын жакшы көрктөндүрүлүп жатат. Жылуулук шарттары талаптарга жооп берет (18-20 градус). | *Техникалык коопсуздук боюнча буйрук*<br>*Техникалык коопсуздук боюнча инструктаж*<br>*Сергек жашоо боюнча иш план*<br>*Жугуштуу ооруларды алдын алуу боюнча иш план*<br>*Жугуштуу ооруларды алдын алдын алуу иштери боюнча маалымат*<br>*Температураны өлчөө журналы*<br>*Окуучулардын тамактануусун уюштуруу боюнча (маалымат). Тамак-аш боюнча кызматкерди дайындоо жөнүндө буйрук*<br>*Тамак-аштын сапатын көзөмөлдөө боюнча комиссия дайындоо жөнүндө буйрук*<br>*1-4-кл. тамактануу графиги* |



AnyScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучулардын тамактануусунун канааттандырарлык көрсөткүчү: макулдашылган меню бар. Продукциялар таза, тиешелүү жылуулук шарттарында сакталат. Кызматкерлердин ден соолугунун абалын, санитардык-гигиеналык окуудан өткөндүгүн тастыктаган документтер бар. Мектептин спорттук аянтчасы бар. Мектептин кызматкерлери өзгөчө кырдаалдарга, кырсыктардын алдын алуу, адамдын өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча иш-чараларды үйрөнүшкөн. Бардык санитардык нормалар жана өрт коопсуздугунун талаптары Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык сакталат. «Окуу процессинин объектилеринин санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге шайкештиги жөнүндө» санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл актысы, «Өрт абалын текшерүү жөнүндө» актысы бар. | |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | С.С.Усубалиев атындагы ЖОББМнин билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын көзөмөлдөө мектептин мугалимдерин, окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жана башка кызыкдар болгон адамдарды тартуу менен сурамжылоо, анкета түрүндө системалуу түрдө билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүлөт. Талкуулар педагогикалык кеңеште, директор алдындагы чогулушта өткөрүлөт жана педкеңештин протоколдук журналына жазылат.<br>Мониторинг системасы мектепте негизделгенден бери иштеп келе жаткан модулдук-рейтингдик система менен да каралган. Анда жарым жылдыкта, жылдын жыйынтыгында билим берүүнүн сапатына талдоо жүргүзүү жана предметтик мугалимдер тарабынан жүргүзүлүп жаткан учурдагы көзөмөл, ошондой эле администрация тарабынан жүргүзүлүүчү класстык жалпылоочу көзөмөл каралган.<br>С.С.Усубалиева атындагы ЖОББМнин билим сапатын башкаруунун структуралык модели төмөнкүлөрдү камтыйт:<br>1.Билим берүүнүн натыйжаларынын сапаты:<br>2.Сапаттуу окутуунун милдеттүү натыйжаларын түзүү:<br>3.Педагогикалык кадрлардын ишинин сапатын баалоо:<br>4.Билим берүүнү өнүктүрүүнү ишке ашыруунун сапаты:<br>5.Инновациялык иштин сапаты:<br>6.Билим берүү мамилелерин окуу-методикалык камсыздоонун жана материалдык-техникалык жактан жабдуунун сапаты: | ***Окуучулардын билим сапаты боюнча мониторинг***<br>***Аттестаты 4,5 болгон бүтүрүүчүлөрдүн сандык динамикасы***<br>***Жетишүү жана билим сапаты боюнча динамика***<br>***Зээндүү жана окууда стандартка жетишпеген балдар менен иштөө планы жана жобосу***<br>***Чейректердин жыйынтыгы*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 7.Билим сапаты:<br>- класстан тышкаркы иштердин тарбиялык потенциалын баалоо;<br>- кошумча билим берүү системасын уюштуруу;<br>- окуучулардын өз алдынча башкаруусун уюштуруу;<br>- окуучулардын, анын ичинде инсандык өнүгүү көйгөйлөрү бар мектеп окуучуларынын билим алуусуна социалдык-психологиялык колдоо көрсөтүү.<br>8.Ден –соолукту чыңдоо иш-чаралары жана балдардын мектепте коопсуз болушу:<br>- санитардык-гигиеналык жана эстетикалык шарттар;<br>- билим берүү уюмундагы психологиялык климат;<br>- мектептин өрт коопсуздугун жана антитеррордук коопсуздугун камсыз кылуу.<br>Мониторингдин жыйынтыгы да пед. кеңеште, усулдук кеңеште, окуучулар менен класстык сааттарда жана ата-энелер чогулуштарында талкууланат. Талкуулардын жыйынтыгы жана чечимдери төмөнкү журналдарга киргизилет: Мектеп кеңешине, методикалык кеңешке, ата-энелер чогулушунун протоколдоруна. | |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Окуучуларды мектепке кабыл алуу КР Өкмөтүнүн “Билим берүү жөнүндө”, “Балдар жөнүндө” 12.09.2011ж. №541 токтомунун негизинде жүзөгө ашырылат. “Типтүү жоболорун билим берүү мекемелеринин жана мектептин Уставы. “Кабыл алуу жөнүндө Жобого” ылайык ишке ашырылат.<br>Мектепте көрүнүктүү жерде “ишеним почтасы” орнотулган, “ Ишеним почтасы” мектептин соцпедагогу тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Окуучулардан эч кандай даттануу, кайрылуу болгон жок.<br>Кайрылууда айтылган маселелердин чечилиши мамлекет тарабынан кабыл алынган учурда, жазуу жүзүндө же электрондук түрдө, маселе катталган күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде каралат. Каралган арыздарды жана даттанууларды кароонун натыйжалары арыз ээсине билдирилет жана ошол учурдан тартып даттануу аяктады деп эсептелет | ***Соцпедагогдун иш-чаралары боюнча маалымат.***<br><br>***Соцпедагогдун жылдык иш анализи.***<br><br>***Соц педагогтун милдеттери***<br><br>***Ишеним почта***<br><br>***Ишеним почтасынын телефондору*** |

**Күчтүү жактар:** Мектепте окуу-тарбия процессинин актуалдуу маселелери боюнча иштөөнүн оң тажрыйбасы бар экендигинде.Мектеп баа берүүнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонот.Баалоо үчүн кайтарым байланыш механизми иштелип чыккан.

...мектепте компьютердик класс жан аокуучулардын, мугалимдердин изденүүсөнө мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу, интерактивдик

| |
|---|
| доскалар, проекторлордун жетишсиздиги.<br>**Сунуштамалар: ар кандай проектер менен иштөө, демөөрчүлөрдү тартуу.** |

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мугалимдерди жана окутуучу-комокчу курамды жумушка кабыл алуу (жумуштан бошотуу), КР Эмгек Кодексинин беренелерине ылайык, мектептин Уставынын, мектептин профсоюздук комитети менен ачык айкын жана обьективдүү чен өлчөмдөрдун негизинде жүргүзүлот. Педагогикалык ишке зарыл болгон, педагогикалык квалификациясы бар, кызматы жана адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына туура келген билими жонундо документи бар адамдар. Жалпы билим беруу уюмдун кызматкерлерине жана администрациясына карата КР эмгек кодексинде каралган эмгек мыйзамдары колдонулат. Эмгек келишиминин жарактуулук мөөнөтү КРнын эмгек жонундогу мыйзамдарына ылайык аны тузуудо кызматкер жана жумуш беруучу тарабынан аныкталат. Соттолгон же КР өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим беруу уюмдарында иштөөгө жол берилбейт. Учурда мектептин педагогикалык кадр менен камсыз болушу 95%. Талапка ылайык жүргүзүлөт. | ***Мектеп жетекчилеринин функционалдык милдеттеринин бөлүштүрүлүшү***<br>***Мугалимдердин кызматтык инструкциялары***<br>***Мугалимдердин жана кызматкерлердин милдеттери***<br>***Эмгек келишими***<br>***Жамааттык келишим***<br>***Мектептин ички эмгек тартиби***<br>***Мугалимдерди кабыл алуу арыздары*** |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу | Физикалык жана психологиялык коопсуздуктун деңгээлин мектептин социалдык-психологиялык кызматы иликтейт. Мектеп «Мектепте коопсуз билим берүү чөйрөсү» программасын иштеп чыгып, иштеп жатат. Сурамжылоонун жана изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча окуу процессинин бардык катышуучулары менен биргелешип талкуулоодо кемчиликтерди жоюу жана физикалык жана | ***Окуучулардын жана окуу жайдын кызматкерлеринин коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө инструкция***<br>***«Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | механизмдин жана жол-жоболордун болушу | психологиялык чөйрөнү андан ары өнүктүрүү [illegible] кабыл алынат.<br>Мектептин кызматкерлери мамлекеттик-профилактикалык мекемелерде жыл сайын акысыз амбулаториялык медициналык кароодон өтүүгө милдеттүү, ар бир кызматкер санаториялык-курорттук дарыланууга, пансионаттарда жана туристтик лагерлерде жеңилдетилген шарттарда эс алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренеси). «Мугалимдин статусу жөнүндө»).<br>Зарыл болгон учурда кызматкер иштеген жерин (кызмат ордун) жана көрсөтүлгөн медициналык кароодон өткөн мезгилдеги орточо эмгек акысын сактоо менен медициналык корутундуга ылайык кезексиз медициналык кароодон (текшерүүдөн) өтүүгө укуктуу (Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясы). Республика "Эмгекти коргоо жөнүндө".)<br>Окуу жылынын башталышында мектеп директору жана ПК төрайымы эмгекти коргоо боюнча инструкцияларды өткөрөт, жумушту аткаруунун коопсуз ыкмаларына үйрөтөт жана жумушка кирген бардык адамдарга, ошондой эле иштеген адамдарга жабырлануучуларга биринчи медициналык жардам көрсөтөт. («Эмгекти коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренеси)<br>Жумуш күнүнүн режими мектептин бекитилген иш тартибине, графикке, мугалимдин жеке жүктөмүнө (мугалимдин окуу жүгү штаттык бирдикте каралат жана ПКте бекитилет) ылайык белгиленет. Мугалимдер үчүн жаш адистерге тажрыйбалуу насаатчылар, администрация тарабынан дайыма методикалык жардам көрсөтүлөт | ***"Эмгекти коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы***<br>***Техникалык коопсуздук журналы***<br>***Мугалимдердин дежурстосунун графиги*** |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Мектепте педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана иштеп жатат:<br>- Окутууга болгон суроо-талаптарды жыл сайын баалоо жүргүзүлөт.<br>- Жыл сайын мектептин педагогдору өздөрүнүн | ***Билимин жогорулатуу боюнча отчет***<br>***Сертификаттар***<br>***Квалификациялык курстардан өтүү боюнча мониторинг*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | квалификациясын курстарда, семинарларда же тренингдерде жогорулатышат.<br>- Усулдук бирикмелер натыйжалуу иштейт<br>- Насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат<br>Ар бир окуу жылынын башында райондук билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдердин тизмеси берилип турат.<br>Мектептин мугалимдлеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн 5 жыл сайын жиберилет. Андан тышкары тренингдерге, кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатууучу окууларга барышат. Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 90%.<br>Жыл сайын мугалимдер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу квалификацияны жогорулатуу институтунан жана КББА квалификацияны жогорулатуу боюнча курстардан өтүшөт. Жаш мугалимдер менен иштөөгө, алардын квалификациясын жогорулатууга чоң көңүл бурулууда. Иш планы түзүлдү. Ар бир жаш мугалим методикалык кабинетте «Жаш мугалимдин мектебинде» консультация алып турушат. Мектепте башталгыч мугалимдин адаптация мезгилин тездетүүгө мүмкүндүк берген насаатчылык системасы бар. Насаатчылык жөнүндө жобо иштелип чыккан. Жаш мугалимдер менен иштөө үчүн папкалар ачылган. Педагогикалык тажрыйбаны УБ декадалары, педкеңеште жасалган докладдар, семинарлар, ачык сабактар аркылуу таркатабыз. Мугалимдердин эмгеги үчүн стимулдардын төмөнкү түрлөрү каралган: эмгек китепчесине жазуу менен алкыш жарыялоо, ар кандай грамоталар, ыраазычылык баракчалар менен сыйлоо. Кызыктыруучу эмгек акыны эсептөөдө ачыктык жана айкындуулук коллективде жетишээрлик жагымдуу микроклиматты, ар бир адамдын өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусун камсыз кылат; эмгекке аң-сезимдүү мамиле кылуу, атаандашуунун жол-жоболору жана өзүн-өзү баалоо жолго коюлган. | |

**Күчтүү жактар:** Квалификацияны жогорулатуунун жакшы жолго коюлган системасы. Мугалимдердин дээрлик бардыгынын жогорку билим...

**Алсыз жактар:** ЖРТдө берилген тапшырмалар менен окуу программасын мазмунунун дал келбеши. Электрондук каражаттардын жетишдигинен мугалимдердин жана окуучулардын электрондук каражаттарды өздөштүрүү жагынан кыйналышы

**Сунуштар**: Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштөөсү., компьютердик окутуунун курстарынан өтүү

## 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАГА КАРАТА МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Имарат түрү –эки кабаттуу, типтүү, подвалы жок<br>Имараттын курулган жылы – 2013-2022жж<br>Имараттын мектеп катары берилген жылы – 30.09.2022-жыл<br>Долбоордук кубаттуулугу - 225 окуучу<br>Чыныгы толтурулган кубаттуулугу – 135 окуучу<br>Мектепте 13 класс кабинет бар,<br>Класстардын тизмеси:<br>Башталгыч класстар – 4<br>орус тили жана адабияты — 1<br>Математика - 1<br>Тарых, география - 1<br>Биология, химия - 1<br>Кыргыз тили жана адабияты- 1<br>Англис тили – 1<br>Информатика – 1<br>Физика – 1<br>Көркөм өнөр-1<br>фельдшердик –акушердик пункт – 1<br>спорт зал – 1<br>лаборатория – 2<br>Информатика, лабораториялар жабдыла элек.<br>Учурда мектеп керектүү идиш-аяк, самын, жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттар менен толук камсыздалган.<br>Ашканада ысык суу менен камсыз кылуу үчүн 2 суу жылыткыч орнотулган. | ***Жерге болгон мамлекеттик акт***<br><br>***Мектептин техникалык паспорту***<br><br>**Жетпеген китептер боюнча билдирме 92022-2023-окуу жылы)**<br><br>**10% хлордук эритмени даярдоо журналы**<br><br>**Мектеп кабинеттеринин сүрөттөрү** |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо | *Мектепти антитеррордук коргоо чаралары.*<br>Күнү-түнү коопсуздуктун болушу: 2 кароолчу иштейт, алар тарабынан мектеп кайтарылат, күндүзү мектептин айлана- | ***Мектепте өрт коопсуздуг[у] боюнча жобосу, буйругу.*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | (экологиялык,санитардыкэпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | чөйрөсүндө коопсуздукту ... залда коопсуздук текшерет. Класстык бөлмөлөрдө, залда коопсуздук эрежелеринин көрсөтмөлөрү илинген. Ар бир класс жетекчи окуучуларга түшүндүү иштерин жүргүзүү менен, инструктаж өткөрүлүп, кол койдурулат.<br>Мектепте эмгекти коргоо жөнүндө жобонун талаптарына ылайык иш жүргүзүлөт.<br>Окуп жаткан опурталдуу предметтер (физика, химия, биология, технология, спорттук иш-чаралар, информатика) предметтик кабинеттер боюнча коопсуздук инструктаж жүргүзүлүп турат.<br>Мектепте төмөнкүлөр бар:<br>Өрт коопсуздугунун чаралары – өрт коопсуздугунун нормативдик – укутук актыларын, эрежелерин жана талаптарын сактоо, ошондой эле өрткө каршы иш чараларды жүргүзүү;<br>Кыргыз Республикасынын Өрткө каршы режими боюнча белгиленген эрежелердин нормаларына ылайык өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыздалган.<br>Өрт коопсуздугунун чаралары - ченемдик укуктук актыларды, өрт коопсуздугунун эрежелерин жана талаптарын сактоо, ошондой эле өрткө каршы иш-чараларды жүргүзүү жыл бою жүргүзүлүп турат. Өрт жөнүндө эскертүү системасын өркүндөтүү боюнча жана өрт болгон учурда адамдарды эвакуациялоо системасы жолго коюлган.<br>Эвакуация жолдорун жана авариялык чыгууларды талаптагыдай абалда кармоо үчүн иштер жүргүзүлүп турат.<br>Мектеп экологиялык коопсуздук талаптарын так сактайт.<br>Мектепте эмгекти коргоо боюнча жобонун талаптарына ылайык төмөнкү багыттар боюнча иштер жүргүзүлөт:<br>Эмгекти коргоо боюнча комиссия тарабынан ай сайын кооптуу жайлардын жана эмгекти коргоо талаптарынын жана коопсуздук эрежелеринин сакталышын текшерүү жүрүп турат.<br>Жыл сайын мектеп имараты, окуу бөлмөлөрү, ашканалар СЭС белгилеген стандарттарга ылайык келтирилет. Эвакуация планы бар. Педагогикалык кызматкерлер, кенже тейлөө кызматкерлер медициналык кароодон өтүп, эмдөөдөн өтүшөт. 5 жылдын | ***адамдын кызматтык буйругу.***<br>***Өрт коопсуздугу боюнча иш план.***<br>***Жаш жол инспекторлорун түзүү боюнча буйругу,сүрөтү***<br>***Эмгекти коргоо жана коопсуздук боюнча буйрук***<br>***Эмгекти коргоо боюнча жобо***<br>***СЭСтин актысы***<br>***Кабинеттердин техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча нускама.*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ... санаторияга жолдомо алышты. Жеткиликтүү жерде бардык эшиктердин жана шкафтардын запастык ачкычтары бар. Өрт өчүрүүчү калкандар, өрт өчүргүчтөр бар. Быйыл 2022-2023-окуу жылында окуучуларга ысык тамак берүү боюнча иштер жүрүп жатат. | |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер мектептин өнүгүү планында каралган. Жергиликтүү башкаруу, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн финансылык жактан ресурстары жакшыртуу боюнча жардамдарды көрсөткөн.<br>2020-2021-окуу жылында жаңы мектеп ичи (коридорлор) Агахан фондунун жана мектептин Камкорчу кеңешинин жардамы менен жасалгаланды.<br>2022-жылы октябрь айында мектептин терезелерине Джумабаев Авланбек, Джумабаева Өрүкгүл өлчөмүндө терезе парда менен камсыз кылышты.<br>2022-2023-окуу жылына МЕРСИКО Эл аралык гуманитардык уюму тарабынан азык түлүк программасынын проектиси аркылуу ысык тамак уюштурулганы жатат | ***Материалдык базаны чыңдоо планы***<br>***РББ тарабынан берилген смета телевизор***<br>***Кабинет паспорттору***<br>***Жаңы окуу жылына даярдык актылары***<br>***СЭСтин ысык тамаке боюнча актылары***<br>***"Мерсико"менен келишим***<br>***Кабыл алуу актысы***<br>***Шайкештик жөнүндө сертификат***<br>***Ысык тамактын менюсу***<br>***Тамактануу үчүн продуктуларды сатып алуу планы*** |

**Күчтүү жактар:** Мугалимдер колубузда бар каражатын жардамы менен окуучуларга татыктуу билим алуу үчүн жигердүү методикалык иштерди жүргүзүп жатат. Материалдык базаны чыңдоодо демөрчүлөр менен иш алып баруу

**Алсыз жактар:** ремонтко бөлүнгөн акчалардын тендер менен чектелиши. Ремонт иштерине бюджеттен аз акча бөлүнүүсү

**Чечүү жолдору:** МТБ жакшыртуу боюнча долбоорлор менен иштөө

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн өздүк баалоонун негизинде комиссия документтерди программалык аккредитациядан өтүү үчүн жөнөтүүнү сунуш кылат.

Комиссиянын төрагасы:______ Осмоналиева Т.А

Комиссия мүчөлөрү:______ Сокубашева К.О

______ Рысбек к Г

______ Саватбекова А.Э

______ Астаркулов Дж.А

______ Сариева А.С

______ Сагынбек к Э